# Кыргыз-Кытай факультетинин Окумуштуулар кеңешинин отурумунун

# № 6 ПРОТОКОЛУ

**2023-жылдын 28-февралы** **Ош шаары**

**Окумуштуулар кеңешинин төрагасы:** Айтикеев Т.К.

**Мүчөлөрү:** Абдыкулов М.О.,Үсөн уулу М., Алымбекова В., ж.б. окутуучулар.

**Күн тартибинде каралуучу маселелер:**

1. 2022-2023-окуу жылынын кышкы семестри боюнча сессиянын жыйынтыгы (бакалавр жана магистратура программалары боюнча)
2. 1-2-3-4-курстардын студенттеринен факультеттин окуу шарттары боюнча, сабак берген окутуучулар тууралуу жана өтүлүп жаткан сабактардын сапатын текшерүү үчүн анонимдүү түрдө алынуучу анкетанын жыйынтыгы боюнча маселелер
3. Ар түрдүү маселелер

Окумуштуулар кеңешинин төрагасы Т.К.Айтикеев Кыргыз-Кытай факультетинин Окумуштуулар кеңешинин курамы баары келгендигин билдирип, Окумуштуулар кеңешин баштоону добушка койду.

Макул – 15;
Каршы – жок;
Калыс – жок.
Окумуштуулар кеңешин баштоо бир добуш менен жактырылды.

**1. 2022-2023-окуу жылынын кышкы семестри боюнча сессиянын жыйынтыгы (бакалавр жана магистратура программалары боюнча)**

Декандын окуу иштери жана келишимдик акы боюнча орун басары Үсөн уулу Мататаир 2022-2023-окуу жылынын кышкы семестри боюнча сессиянын жыйынтыгы (бакалавр жана магистратура программалары боюнча) баяндама жасалды. 2022-2023-окуу жылынын башында бакалавр жана магистратура программалары боюнча жалпы 282 стедент болгон.

Бакалавр программасында жалпы 248 студент анын ичинен 20 студент контрактын негизинде кышкы сессия тапшырууга уруксат берилбей кийинчейрек FX ведомостту аркылуу тапшырышкан. Ошондой эле "Кыргыз тил" сабагынан ФА(б)-2-22 тайпасынан 2 студент, "Илимий долбоорлорду жазуунун негиздери" сабагынан КЛ(б)-1-20 тайпасынан 3 студент, жалпысынан 5 студент жайкы сессияга калтырылган. 34 студентин арасынан контрактын негизинде окуудан четтетилген жана башка факультеттерге которулган.

Магистратура программасында жалпы 34 студент анын ичинен 1-курс "Кытай таануу" багытында 12 студент "Лингвистика" багытында 12 студент. Жалпысынан 24 студентин ичинен 16 студент кышкы семестринин сессиясына катышкан, КВ(м)-1-22 тайпасынан 3 стедент, ЛИКК(м)-1-22 тайпасынан 5 стедент контрактын негизинде кышкы сессия тапшырууга уруксат берилбей кийинчейрек FX ведомостту аркылуу 6 студент тапшырылган. ЛИКК(м)-1-22 тайпасынан 2 стедент контрактын негизинде окуудан четтелиген. 2-курс "Кытай таануу" багытында 5 студент "Лингвистика" багытында 5 студент жалпысынан 8 студент кышкы семестринин сессиясына катышкан, анын ичинен

ЛИКК(м)-1-22 тайпасынан 2 стедент контрактын негизинде кышкы сессия тапшырууга уруксат берилбей кийинчейрек FX ведомостту аркылуу тапшырышкан. Азыркы учурда бакалавр жана магистратура программаларында 246 студент бар.

Окумуштуулар кеңешинин төрагасы Т.К.Айтикеев 2022-2023-окуу жылынын кышкы семестри боюнча сессиянын жыйынтыгы (бакалавр жана магистратура программалары боюнча) жасалган баяндама канааттандырарлык деп табылуусун добушка койду.

Макул – 15;
Каршы – жок;
Калыс – жок.

Бир добуш менен баяндама канааттандырарлык деп табылды.

2. **1-2-3-4-курстардын студенттеринен факультеттин окуу шарттары боюнча, сабак берген окутуучулар тууралуу жана өтүлүп жаткан сабактарды сапатын текшерүү үчүн анонимдүү түрдө алынуучу анкетанын жыйынтыгы боюнча маселелер**

"Кытай тили жана кытай таануу" кафедрасынын улук окутуучусу Абдыкаарова Т.М. 1-2-3-4-курстардын студенттеринен факультеттин окуу шарттары боюнча, сабак берген окутуучулар тууралуу жана өтүлүп жаткан сабактардын сапатын текшерүү үчүн анонимдүү түрдө алынуучу анкетанын жыйынтыгы боюнча маселелер атуу темада баяндама жасады. 1-2-3-4-курстардын студенттерине жасалган анкетанын ссылкасы жиберилген, Учурда бакалаврда 214 студент болсо анын ичинен 161 студент сурамжылоого катышкан.

Берилген суроолордо:

- Кыргыз-Кытай факультетинде окууганыңызга канчалык деңгээлде канааттанасыз деген суроого 57.1% (пайыз) толук түрдө канааттанам дегенди түзөт.
- Жетекчиликтин студенттерге кылган мамилесин кандай баалайсыз деген суроого 62.3% (пайыз) Эң жакшы дегенди түзөт.
- Сиз окуп жаткан предметтердин канча пайызы сиз үчүн актуалдуу деген суроого 40.4% (пайыз) 100% түзөт.
- Окуу процессиндеги окутуучулардын сабак өтүү методикасы сизди канааттандырабы деген суроого 90.1% (пайыз) Ооба дегенди түзөт.
- Окутуучулардын профессионалдык деңгээлине кандай баа бересиз деген суроого 83.9% (пайыз) Мыкты дегенди түзөт.
- Сабактардын силлабустары өз убагында сиздерге сунушталдыбы деген суроого 73.9 % (пайыз) Ооба дегенди түзөрү айтылды. Сурамжылоодо берилген бардык суроолордун жыйынты Окумуштуулар кеңешинин курамы менен биргеликте карап талкууланды. Мында Абдыкаарова Т.М. анкетанын жыйынтыгында окуу шарттар, сабак берген окутуучулар тууралуу жана өтүлүп жаткан сабактардын сапаты жаман эмес экендигин айты. Абдыкаарова Т.М. баяндаманын жыйынтыгында сабактардын сапатына кылдаттык менен мамиле жасоо, түрдү методдорду колдонуу, ар бир окутуучу сабактарга жогорку деңгээлде даярданып келип өтүүнү жана факультеттин окуу шарттарын дагы да жакшыртууну Окумуштуулар кеңешинин курамына сунуштап кетти.

Андан соң төрага Айтикеев Т.К. 1-2-3-4-курстардын студенттеринен факультеттин окуу шарттары боюнча, сабак берген окутуучулар тууралуу жана өтүлүп жаткан сабактардын сапатын текшерүү үчүн анонимдүү түрдө алынуучу анкетанын жыйынтыгы боюнча жасалган баяндаманы канааттандырарлык деп табууну жана айтылган сунуштарды аткаруусун добушка койду.

Макул – 15;
Каршы – жок;

Калыс – жок.
Бир добуш менен айтылган баяндама канааттандырарлык деп табылды жана айтылган сунуш кабыл алынды.

3. **Ар түрдүү маселелер**

1. Окумуштуулар кеңешинин төрагасы Т.К.Айтикеев Окумуштуулар кеңешинин курамына факультетин сайтыны жайгаштырылып жаткан маалыматтар менен таанышып туруусун айты.
2. Төрага Т.К.Айтикеев электрондук журналдарды убагында толук түрө толтурусун эскертти.

Эки маселе боюнча ОКнин жалпы курамы төраганы бир добуштан толук колдошту.

*Күн тартибиндеги маселелерди карап чыгып,*

**Кыргыз-Кытай факультетинин Окумуштуулар**

**КЕҢЕШИ токтом кылат:**

1. 2022-2023-окуу жылынын кышкы семестри боюнча сессиянын жыйынтыгы (бакалавр жана магистратура программалары боюнча) жасалган баяндама канааттандырарлык деп табылсын.
2. 1-2-3-4-курстардын студенттеринен факультеттин окуу шарттары боюнча, сабак берген окутуучулар тууралуу жана өтүлүп жаткан сабактардын сапатын текшерүү үчүн анонимдүү түрдө алынуучу анкетанын жыйынтыгы боюнча жасалган баяндаманы канааттандырарлык деп табылсын жана айтылган сунуштарды аткарылсын.
3. Факультетин сайтыны жайгаштырылып жаткан маалыматтар менен бардык окутуучу таанышып туруусун.
4. Электрондук журналдарды убагында толук түрө толтурусун.

**Кыргыз-Кытай факультетинин**
**Окумуштуулар кеңешинин төрагасы: Т.К. Айтикеев**

**Кыргыз-Кытай факультетинин**
**Окумуштуулар кеңешинин катчысы: М.М. Таштанова**